| | |
|---|---|
| **Предмети: Кеп өстүрүү жана көркөм адабият** | **0-класс** |

**Сабактын темасы: Саламатсыңбы мектебим!**

| **Негизги компетенттүүлүктөр**<br>1. Маалыматтык<br>2. Социалдык – коммуникативдик<br>3. Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү | **Сабактын тиби:** Жаңы теманы өздөштүрүү<br>**Колдонулуучу ыкмалар**: Айтып берүү, түшүндүрүү, талкулоо, аңгемелешүү, суроо- жооп.<br>**Сабактын жабдылышы**: Окуу китеби, сүрөттөр, карточкалар, баалоочу каражаттар.<br>**Предмет аралык байланыш:** Сабат ачуу,көркөм өнөр. |
|---|---|
| **Сабактын максаттары:** | **Көрсөткүчтөр : Окуучулар максатка жетет деп билсек болот эгерде алар:** |
| **А) Билим берүүчүлүк максаты:** Окуучулар мектеп менен таанышышат. Мектеп ичиндеги эмеректердин эмнеге керектигин түшүнүшөт. Балдар эмне үчүн мектепке келгендигин айтып беришет. | Окуучулар мектеп менен таанышышса. Мектеп ичиндеги эмеректердин эмнеге керектигин түшүнүшсө. Балдар эмне үчүн мектепке келгендигин айтып беришсе. |
| **Б) Өнүктүрүчүлүк максаты:** Мектеп, класс, мугалим, жаңы достор менен таанышуу аркылуу эске тутуусу, ой жүгүртүүсү калыптанат. | Мектеп, класс, мугалим, жаңы достор менен таанышуу аркылуу эске тутуусу, ой жүгүртүүсү калыптанса. |
| **В) Тарбиялык максаты:** Ынтымактуулукка, достукка,бирин-бири сыйлоого тарбияланышат. | Ынтымактуулукка, достукка,бирин-бири сыйлоого тарбияланышса. |

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этаптары | Убактысы | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети |
|---|---|---|---|
| 1.Уюштуруу | 2 минут | Саламдашуу<br>Саламатсыңарбы, балдар! Жакшы эс алдынарбы? Маанайынар жакшыбы? Бүгүнкү сабакка даярбызбы?<br>Класста жагымдуу жагдай түзүү<br>Дайым ачык кабагым,<br>Дайым даяр сабагым.<br>Саламаттыкты каалаймын,<br>Саламатсыңарбы балдарым. | Окуучулар мугалим менен саламдашса<br><br>Сабакты жакшы кабыл алууга өбөлгө түзүлсө |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Окуучуларды тактоо<br>Окуу куралдарын толуктоо | |
| 2.Өтүлгөн теманы кайталоо | 5 минут | Өтүлгөн тема боюнча суроо берүү менен кыскача аңгемелешүү.<br>Мугалим окуучулардын билимин текшерип алуу максатында<br>Карточкаларды таратат.<br>1. Өз үй-бүлөөсү тууралуу айтып берүү?<br>2. Туугандарын тууралуу айтып бер?<br>3. Канча бир туугансың? Алардын аттары?<br>Окуучулардын оюн угуу. | Окуучулар өтүлгөн тема боюнча суроолорго жооп берип кыскача аңгемелешет.<br>Карточкаларда катылган суроолорго жооп бере алышат. |
| 3.Жаңы теманы түшүндүрүү | 10 минут | Мугалимдин сөзү. Мектеп бул-силерди билимге суугаруучу, тарбияга чакырып жаңы жолго багыттоочу экинчи үйүңөр, үйүңөрдү кандай таза кармасаңар, ата-энеңерди кантип сыйласаңар, мектепте отурган классыңарды, класссташыңарды, мугалимиңерди да ошондой сыйлоо керектигин унутпашыбыз керек.Силер мектеп босогосун биринчи аттап жаткан учуруңар. Мектептен силер окуганды, жазганды, боегонду, туура отурганды, туура сүйлөгөндү, тазалыкты үйрөнөсүңөр.<br>Окуучу бул – билимге суусаган, окууга жана тарбияга умтулган инсан.<br>Мугалим бул – силердин экинчи энеңер болуп эсептелинет, силерге баары жокту үйрөткөн ал тургай тарбияны кошо берген инсан.<br>Менин аты жөнүмдү унутуп калган жоксуңарбы? | Окуучулар тема боюнча билгендерин эркин айтышат. Билбеген суроолорду ортого салышат.<br><br>Окуучулар мектеп жөнүндө маалымат алышат, түшүнүшөт.<br><br>Жоок. |
| 4.Жаңы теманы бышыктоо | 6 минут | Мугалим окуучулардын билимин бышыктоо максатында суроолорду берет. | Окуучулар мугалим берген суроолорго өз ойлорун эркин айтуу менен жооп беришет. Бири-биринин оюн уга билүүгө жана сыйлай билүүгө үйрөнүшөт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | -Балдар эмне үчүн мектепке келүү керектигин айтып көрөлүчү.<br><br>-Мугалим,классташтар силер үчүн кандай адамдар?<br><br>-Мектептен өзүбүздү кантип алып жүрүшүбүз керек?<br><br>-Мектеп силерге жактыбы?<br><br><br><br>-Бул биздин мектеп балдар, карагылачы, силерге бул мектеп эмнеси менен жакты?<br><br><br>Биз , балдар 53 жалпы орто билим берүү мектебинде окуйбуз. Мектеп Кийизбаева 91 көчөсүдө жайгашкан.<br><br>Келгиле окуучулар силер менен бирге көнүгүү жасайбыз.<br>1,2,3,4,5,6,7,8,9,10 түз турганыбыз оң!<br>(бутту кыймылдатып санайбыз)кайрадан,<br>1,2,3,4,5,6,7,8,9,10 көңүлүбүз ток! | -Билим алууга, сылык болууга, жазганды, окуганды үйрөнүүгө.<br><br>-Мугалим эжебиз тамганы үйрөтүп тарбия, билим берет. Классташтар менен чогу окуп, бирге ойноп бир туугандай болобуз.<br>-Мектеп ичинде жүргөндө мугалимдерге салам айтуу, чуркабоо, кыйкырбоо, тазалыкка үйрөнүү, кол көтөрүп сүйлөө.<br>-Ооба. Бизге аябай жакты.<br><br><br><br>- Кооздугу, чоңдугу жана тазалыгы менен жакты.<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>-Макул эжеке! |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| 5. Сабакты жыйынтыктоо | 5 минута | Мээге чабуул<br><br>Азаматсыңар балдар, силер бүгүнкү сабакта мектеп жөнүндө билдиңерби?<br><br>Мыктысыңар балдар, эми бүгүнкү сабагыбызды жыйынтыктап коёлу.<br>1. Сен кимиң?<br>2. Сен кайсыл мектепте окуйсуң?<br>3. Сенин атың ким?<br>4. Сен канча жаштасың? | Окуучулар суроолорго жооп берүү менен<br>Аң сезими ойгонот, ойлонот, изденет, табат.<br>Ооба мектеп жөнүндө билдик.<br><br>1. Окуучумун<br>2. 53 мектепте<br>3. Алихан<br>4. 6 жаштамын |
| 6.Үйгө тапшырма | 1 минут | Ата –эне менен мугалимдин окшош жактарын жана айырмачылыктарын билип келгиле. | Окуучулар үйдөн тапшырманы аткарышат. |
| 7.Окуучулардын билимин баалоо | 1 минут | Жыйынтыктоочу жана шыктандыруучу баалоо.<br><br>Формативдик баалоо. |   |